Кыргыз Республикасынын ИИМнин
НАРЫН ОБЛАСТЫНЫН ИЧКИ
ИШТЕР БАШКАРМАЛЫГЫ
722600, Нарын ш., Ленин көчөсү №277
тел.: 5-09-21факс, 5-15-72

МВД Кыргызской Республики
УПРАВЛЕНИЕ ВНУТРЕННИХ
ДЕЛ НАРЫНСКОЙ ОБЛАСТИ
722600, г.Нарын, ул Ленина № 27
тел.: 5-09-21факс, 5-15-72

«23» 11 2021-ж. № 10/7645
« » 2021-ж. № катка

Ответственность по ч.1 ст.22 ВЗ – кандидата
и ст. 44 КоН КР – ответственного за проведение

**Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрайымы Н.Шайлдабековага**

**МААЛЫМАТ**

**(*Ак-Талаа РИИБнүн МЭЖне №02-021-2021-000423 санына катталган материал боюнча*)**

2021-жылдын 22-ноябрь күнү саат 19:00 чамасында "Фейсбук" социалдык тармагына ачылган "Ак-Талаа-Дюрбльджин" тайпасында "Гүлзада Атаева" аталыштагы аккаунт аркылуу *"Урматтуу ЦИК жана башка компоненттүү органдар 11-ноябрда Ак-Талаа районунда 32 бир мандаттуу округунун талапкери Айжан Омолдошева шайлоочулар менен жолугуш өткөргөн. Жолугуш учурда А.Омолдошеванын жанында он сегиз жашка толо элек бала Кыргызстандын желегин кармап агитация өткөрүп турган. Андан бери канча өттү? Эмнеге А.Омолдошева шайлоо мыйзамын бузуп, агитация өторүп жатканы боюнча жоопкерчиликке тартылган жок? Бул жерде бир эмес бир канча мыйзам бузуу болуп жатпайбы. Жашы жете элек баланы иштетип жатат. Ал балага акча төлөп бердиби? Эгер төлөп берген күндө да ал мыйзам бузуу, анткени шайлоо мыйзамы боюнча баардык акча ачык-айкын болуш керек. Агитацияда эле ушинтип жатса, "эркектер эмнени кыйратты буга чейин, эми мени шайлагыла" деп жаткан эжебиз эртен кантээр болду экен"*-деген мазмундагы макаланы жана узактыгы 1 минут 28 секунду түзгөн видеотасма менен 18 жашка толо элек баланын 2 даана сүрөтүн жүктөп чыгарган.

Бул факт боюнча Ак-Талаа райондук ИИБнүн МЭЖне 23.11.2021-жылы 02-021-2021-000423 саны менен катталып, жаш өспүрүмдүн өздүгү тактоо жана иштин жагдайын аныктоо максатында видео тасмадагы жаш өспүрүм Нарын району Жаңы-Талап айылы Алымбаев көчөсү №9 үйүнүн жашоочусу Байымбет атындагы орто мектебинин 6-классынын окуучусу 03.02.2010-жылы туулган Рыскулов Элмырза Нурланбекович экендиги аныкталган. Жаш өспүрүмдүн ата-энесин аныктоодо атасы 13.03.1976-жылы туулган Нарын району Жаңы-Талап айылы Алымбаев көчөсү №9 үйүнүн жашоочусу Омолдошев Нурланбек Рыскулович жогорудагы аталган орто мектепте дене-тарбия сабагынын мугалими ал эми апасы 16.08.1978-жылы туулган Абдылдаева Фарида Марсбековна жогорудагы аталган орто мектебинин окуу бөлүм башчысы экендиги аныкталган.

Интернет булагына чыккан видео боюнча териштирүүдө 11.11.2021-жылы каникул учурунда Э.Рыскулов ата-энеси жок учурда эжеси Кыргыз

Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер Омолдошева Айжан Рыскуловна менен Ак-Талаа району Кара-Ой айылына чогу ээрчип барып, ал жерден “Кара-Ой” айыл өкмөтү тарапта эл менен жолугуп үгүт иштери жүргүзүлгөн, ошондо жаш өспүрүм Э.Рыскулов өзү желек көтөрүп туруп алганын, аны эч ким үгүттөө иштерине катышууга мажбурлаган эместигин, ошондой эле аны үгүтөө иштерине катышпоого эскертип тыюу салган эместиги аныкталган.

Азыркы учурда окуя боюнча күбөлөрдү аныктоо максатында тергөө тапшырмалар берилип А.Омолдошеваны тергөө кызматына чакыруу иш аракеттери көрүлүүдө. Ошондой эле окуя болгон жерге Ак-Талаа райондук ИИБнүн документтештирүү тобу чыгып, тиешелүү текшерүү иштери алып барылууда. Жыйынтыгы менен кошумча билдирилет.

**Начальниктин орун басары**
**милициянын полковниги** **К.Калыков**